# III. ЕСТЕСТВЕННЫЕ НАУКИ

# ТУРИЗМ

*УДК: 911.8*
*DOI: 10.35254/bhu/2022.59.122*

***Мурат кызы Н.,***
*И. Абдраимов атындагы*
*Кыргыз авиациялык институту*

***Чодураев Т. М.,***
*КГУ имени И. Арабаева*

## ТАЛАС ОБЛУСУНДАГЫ РЕКРЕАЦИЯЛЫК ӨНҮГҮҮНҮН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

### *Кыскача мазмуну*

*Бул макалада Талас облусунун рекреациялык туризминин өнүктүрүү көйгөлөрү жана өнүгүү багыттары каралат. Кыргыз Республикасынын жана Талас облусунун туристтик тармактарынын өнүгүшүнүн салыштырмалуу көрсөткүчтөрү талданат, алардын өнүгүшүнө таасир берүүчү факторлор аныкталат, облустун туристтик тармактарынын өнүгүшүнүн аймактык өзгөчөлүктөрү аныкталат. Кыргызстандын ар бир региону туризмдин ар кандай түрлөрүн өнүктүрүү үчүн өзүнүн ар түрдүү жана жагымдуу потенциалы менен айырмаланат. Ошол эле учурда биз карап жаткан регион өзүнүн өзгөчөлүгү, кооздугу, суулары, маданий архитектуралык эстеликтери, табигый жаратылышы менен айырмаланып турат. Азыркы учурда дүйнө жүзүндө жана Кыргызстандын бардык региондорунда рекреациалык тармак кандайдыр бир ишмердүүлүк багытта гана каралбастан, адамдардын ден соолугун бекемдөөгө багытталган, ошондой эле аймактын өнүгүүсүнө түздөн-түз салымын кошууда. Биздин багыт Талас облусу боюнча болмокчу.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *туризм, туристтик потенциал, туризмдин өнүгүшү, натыйжалуулук, туризм сферасы, туристтик ишмердүүлүк, туристтик кызматтар, курорттук-рекреациялык туризм, тоо-экология туризми, маданий-этнографиялык туризм.*

## ОСНОВНЫЕ НАПРАВЛЕНИЯ РЕКРЕАЦИОННОГО РАЗВИТИЯ В ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ

### *Аннотация*

*В данной статье рассматриваются проблемы развития и направления развития рекреационного туризма в Таласской области. Анализируются сравнительные показатели развития туристической отрасли Кыргызской Республики и Таласской области, выявлены факторы, влияющие на их развитие, определены региональные особенности развития отрасли туризма в области. Каждый регион Кыргызстана отличается своим разнообразным и привлекательным потенциалом для развития различных видов туризма. В то же время рассматриваемый нами регион выделяется своей самобытностью, красотой, водами, памятниками культурной архитектуры, природной природой. В настоящее время во всем мире и во всех регионах Кыргызстана рекреационная сеть рассматривается не только по каким-то направлениям деятельности, но и направлена на укрепление здоровья людей, а также вносит непосредственный вклад в развитие региона. Наш маршрут будет по Таласской области.*

***Ключевые слова:*** *туризм, туристический потенциал, развитие туризма, эффективность, сфера туризма, туристическая деятельность, туристические услуги, курортно-рекреационный туризм, горно-экологический туризм, культурно-этнографический туризм.*

## THE MAIN DIRECTIONS OF RECREATIONAL DEVELOPMENT IN THE TALAS REGION

### *Abstract*

*This article discusses the problems of development and directions of development of recreational tourism in the Talas*

*region. The level of development of the tourism industry of the Kyrgyz Republic and Talas region and its importance for the development of the country's economy in recent years are analyzed, regional features of the tourism industry are identified, factors affecting the development of the tourism industry of the region are identified. Each region of Kyrgyzstan is distinguished by its diverse and attractive potential for the development of various types of tourism. At the same time, the region we are considering stands out for its originality, beauty, waters, monuments of cultural architecture, natural nature. Currently, all over the world and in all regions of Kyrgyzstan, the recreational network is considered not only in some areas of activity, but is also aimed at improving people's health, and also makes a direct contribution to the development of the region. Our route will be through the Talas region.*

***Key words:** tourism, tourism potential, tourism development, efficiency, tourism, tourism activities, tourist services, resort and recreational tourism, mountain and ecological tourism, cultural and ethnographic tourism.*

Акыркы жылдары, жалпы коомдук жана экономикалык кырдаалдын өзгөрүшүнө байланыштуу, Кыргызстанда рекреациялык ресурстары бар региондорду өнүктүрүү маселелери боюнча программаларды иштеп чыгуу каралууда. Кыргызстандын ар бир региону туризмдин ар кандай түрлөрүн өнүктүрүү үчүн өзүнүн ар түрдүү жана жагымдуу потенциалы менен айырмаланат. Ошол эле учурда биз карап жаткан регион өзүнүн өзгөчөлүгү, кооздугу, суулары, маданий архитектуралык эстеликтери, табигый жаратылышы менен айырмаланып турат. Азыркы учурда дүйнө жүзүндө жана Кыргызстандын бардык региондорунда рекреациалык тармак кандайдыр бир ишмердүүлүк багытта гана каралбастан, адамдардын ден соолугун бекемдөөгө багытталган, ошондой эле аймактын өнүгүүсүнө түздөн-түз салымын кошууда.

Табигый байлыктарды сарамжалдуу, билгичтик менен пайдалануу, дарылануу, эс алуу үчүн керектөө республиканын калкынын жалпы эмгек өндүрүмдүүлүгүн кыйла жогорулатууга, оруу-сыркоонун үлүшүн кескин азайтууга, чет өлкөлөрдөн туристтердин арбын келүүсүнө олуттуу таасирин тийгизет. Азыр Кыргызстандын курорт, эс алуу үйлөрүндө рекреация байлыктарын кенири пайдаланып, тийиштүү өлчөмдө дарылоо аркылуу жүрөк кан-тамыр оорусуна чалдыккандардын теңине жакынын, дем алуу органдарына тиешелүү сыркоонун 40%ин нерв, сөөк-муун дартынын 30 %ин, ашказаны оруулардын 20%ин айыктырууга болору илимий жактан толук аныкталган. Албетте, телегейи-тегиз келишкен туркун дартка даба болуучу туризмдин рекреация мекемелерин калыптандыруу, ал жердин табигый шартына, ресурстарынын сапатына, санына, запасына жана таралышына жараша олуттуу айырмаланат [1, 60-61-бет].

Туризм индустриясынын белгилуу тармактарынын калыптандырууда ал жердин жаратылыш-климат шарттары, токой, суу ресурстары, минералдуу булактары, дары-баткактары сыяктуу рекреация байлыктары бирин-экинчиси толуктап, шайкеш-келиши олуттуу орунду ээлейт. Ушундай рекреация байлыктарын туризм тармактарына туура, жеткиликтүү пайдалануу үчүн эң алды менен илимий жактан комплекстүү экономикалык баалоо жүргүзүү талап кылынат. Жаратылыш-рекреация байлыктарын баалоонун мындай ыкмасы базар мамилелеринин нугуна түшкөн өлкөлөрдө олуттуу мааниге ээ болуп келүүдө.

XX-кылымдын аягы, XXI-кылымдын башталышында, адамзат цивилизациянын өнүгүшүнүн жаңы моделин түзүү зарылдыгы жөнүндө түшүнүккө келүүдө. Учурдагы технологиянын өнүгүү моделинин потенциалы жетип, берилген чектен ашып кетти. Коом менен жаратылыштын ортосундагы мамилелердин татаалдыгы жана көп пландуулугу эл аралык экологиялык саясаттын көп максаттуу мүнөзүн аныктады [2]. Ошондой эле техниканын өнүгүүсү менен айлана-чөйрөнүн булгануусу да татаалдашып, адамзатты экологиялык таза жаратылышта эс алууга багыттодо. Бул багытта рекреациялык туризмди өнүктүрүү максаты келип чыгат.

Кыргызстандын минералдуу булактарынын көпчүлүгү жергиликтуу элге эзелтен бери эле белгилүү болуп, айрымдары дарыланууга, ичүүгө пайдаланылып келген. Республикадагы суулардын дарылык касиети күчтүү, алардын көбү булак түрүндө кездешет. Айрым учурда бургулоо түрүндө дагы табылат. Минералдуу сууларда күкүрт, иод, бром темир сыяктуу элементтер жана көмүр кычкыл, водород газдары арбын кездешет [1, 61-бет].

Келечекте өлкөбүздүн туштугүндөгү, Ысык-Көл кылаасындагы жана Чүй бооруңдагы рекреацияга бай жерлерге туристтердин кыйла көп келиши айкын болууда. Ушундан улам туризмдин айрым тармактарын республиканын рекреация ресурстары жетиштүү, жаратылыш-климат шарты талапка жооп бергидей республиканын калган региондорунда да өнүктүрүү каралып, комплекстүү иликтенип жатат. Туризм тармактарын калыптандырууга тиешелүү жаратылыш, социалдык-экономикалык шарты бар ушундай аймактардын ичине Талас рекреация району да кирет.

Талас рекреация району Тянь-Шань рекреация району сыяктуу эле жаратылыш-климаттык шартынын ыңгайлуулугуна, белгилүү өлчөмдө ресурстардын орун алышына карабастан туризм тармактары али начар өнүгүүдө. Ушундон улам бул райондун аймагына адегенде жергиликтүү элдин эс алуусун камсыз кылууну иштеп чыгуу, акырындап чет өлкөдөн келүүчү туристтерди өзүнө тартуучу туризм тармактарын калыптандырууну колго алуу боюнча атайын иликтөөлөр жүргүзүлгөн [1, 117-118-бет].

Талас облусу беш ички жаратылыш туристтик зонасына бөлүнгөн, мисалы:

1. Каракол, Кенкол, Бешташ Капчыгайы;
2. Кайыңды, "Эчкили-Тоо" заказниги, Кара-Арча;
3. Урмарал, Кумуштак;
4. Карабуура, Бакаир, Киров суу сактагычы;

Куркума, Манас Чокусу, Сары-Ункур [7].

Талас жергеси жаратылыштын, тарыхтын, археологиянын түрдүү эстеликтерине эң эле бай. Келген чет элдик туристтер үчүн Манастын үңкүрү, Ак-Уңкур, Талас шаарына жакын жайгашкан орто кылымда курулган Ак-Дөбө шаарчасы, Беш-Таш көлүнүн жээгиндеги таштан чегилген түрдүү айкелдер, жасалгалар, Ничке-Сай капчыгайынан табылган байыркы мезгилдеги адамдардын буюм-тайымдары, Күркүрөө-Суудагы, Чиймелүү-Таштагы аскага чегилген ар-кыл сүрөттөр, чиймелер, байыркы түрк жазма эстеликтери зор кызыгууну пайда кылууда.

Келечекте ушундай жаратылыштын кооз жерлерин, адам колунан жаралган түрдүү тарыхый, архитектуралык курулуш, жасалга, эстеликтерди район боюнча ирети менен чыгуунун атайын жолдору аныкталууда. Туризмдин мындай ат же тоо, автомобиль менен, ошондой эле жоо кыдыруу түрүн өнүктүрүү үчүн эң алды менен Талас шаарында саякатчылардын мейманканасын, Беш-Ташта жана Чат-Базарда туристтердин түнөк, эс алуу жайларын, Киров суу сактагычынын жээгине пансионат куруу зарыл болууда [1, 118-бет].

Талас рекреация районунун аймагында анчылык туризмин өнүктүрүүнүн дагы экономикалык олуттуу мааниси бар. Мында жаныбарларынан - аркар, тоо эчки, карышкыр, түлкү, суур, аюу; канаттууларынан – кыргоол, кекилик, чил, бодоно, көгүчкөн ж.б. бар. Ушундан улам келечекте Каракол, Үч-Кошой, Беш-Таш сыяктуу аңчылык чарбаларынын негизинде эл аралык талапка толук жооп бергидей аңчылык туризмин калыптандыруу зарыл [1, 118-бет].

Туризм тармагынын өнүктүрүүгө жана анын өнүгүүсү үчүн өбөлгөлөрдү түзүү зарыл. Анын негизинде ээлеген аймакта атайын эс алуучулар үчүн инфра структуралар, тейлөө тармагы жогорку деңгээлде болуусу абзел. Бул инфраструктурага ишканалар, маданият жана эс алуу мекемелери, ресторандар жана кафелер, санаториялык-курорттук мекемелер, жаратылыш парктары, коруктар жана башка мекемелер келген туристтердин агымын тейлөө жагынан бири-бири менен тыгыз байланышта. Албетте, бул жагынан биздин облус Бишкек шаары жана Ысык-Көл облусу үчүн атаандаштык түзө албайт, алар туризм үчүн кыйла пайдалуу позицияга жана өнүккөн инфраструктурага ээ жана региондук дүң продуктунун дээрлик 80% түзөт жана ошого жараша республикага келген туристтердин агымы бул региондорго таандык. Ошого карабастан, Талас облусунда акыркы жылдары туристтик тармактын ишинин өсүү тенденциясы байкалууда, бул Талас облусунун экономикасынын өсүшүнө оң таасирин тийгизет, муну 1-таблицанын маалыматтары тастыктап турат [3, 15-бет].

**Талас облусунун туризм чөйрөсүндө 2013-2017-жж. иш жүргүзгөн ишканалардын жана уюмдардын санынын өзгөрүү динамикасы**

Таблица 1[3].

| № | Чарба жүргүзүүчү иш-каналар | 2013 ж. | 2014 ж. | 2015 ж. | 2016 ж. | 2017 ж. | 2013-2017 жж. осуу темпи |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Туризм ишканалары жана эс алуу мекемелери | 4 | 4 | 4 | 4 | 5 | +1 |
| 2 | Мейманканалар | 23 | 25 | 30 | 32 | 36 | +13 |
| 3 | Ресторандар | 119 | 148 | 194 | 197 | 202 | +83 |
| 4 | Санаториялык-курорттук мекемелер | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | - |
| 5 | Жаратылыш парктары жана коруктар | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | - |

1-таблицанын маалыматынан көрүнүп тургандай, 2017-жылы 2013-жылга салыштырмалуу Талас облусунун аймагында туризм чөйрөсүндө иш жүргүзгөн катталган ишканалар жана мекемелер (юридикалык жана жеке жактар) бир бирдикке көбөйүп, 2017-жылы 5 бирдикти түзгөн. Ошол эле учурда облуста мейманканалардын саны 13 бирдикке, ресторандар 83 бирдикке көбөйүп, 2017-жылы каралып жаткан мезгилде санаториялык-курорттук мекемелердин жана жаратылыш парктарынын жана коруктардын саны тиешелүүлүгүнө жараша 36 жана 202 бирдикти түзгөн. Бул Талас облусунда санаториялык-курорттук мекемелерди жана жаратылыш парктарын жана коруктарды кошпогондо, Талас облусунда туризм чөйрөсүндө иш жүргүзгөн жана аны тейлеген ишканалардын жана уюмдардын саны салыштырмалуу туруктуу темп менен көбөйүп жаткандыгын күбөлөндүрөт [3, 19-21-бет].

Аймактык шарттарда Талас облусунда туризм тармагын өнүктүрүүнүн төмөнкү багыттары маанилүү, аларды өнүктүрүүнүн эсебинен облустун экономикасын өнүктүрүүгө, анын салымын кыйла жогорулатууга болот.

Аларга төмөнкүлөр кирет:

- курорттук-рекреациялык туризм;
- тоо-экологиялык туризм;
- маданий-этнографиялык туризм.

Талас облусунда туристтик потенциалды натыйжалуу пайдалануу үчүн туристтик өсүштөрдүн заманбап талаптарына жооп берген тийиштүү инфраструктураны

түзүү, ошондой эле аны өнүктүрүү үчүн зарыл болгон ресурстардын жана коммуникациялардын бардык түрлөрү менен камсыз кылуу зарыл [4, 8-бет].

Талас облусунда туризмди өнүктүрүү үчүн облустун экономикасына чет өлкөлүк түз инвестицияларды тартуу маанилүү. Тилекке каршы, облус инвестицияларды тартуу деңгээли боюнча Кыргызстандын башка региондорунан кыйла артта калууда [5].

Региондун туристтик тармагы туризм өлкөсү катары Кыргызстандын жана анын айрым региондорунун беделин жакшыртууга өбөлгө түзгөн өлкөнү өнүктүрүүдө приоритет болууга тийиш. Мында, аны өнүктүрүү деңгээли көрсөтүлүүчү кызматтардын эл аралык стандартынын талаптарына ылайык келиши жана региондун болгон жаратылыш потенциалын кылдаттык менен пайдаланышы керек. Талас облусунда региондук туризм чөйрөсүндө жогоруда аталган иш-чараларды ишке ашыруу келечекте туризм тармагынын Талас облусунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон салымын кыйла жогорулатууга мүмкүндүк берет [6].

Талас облусунда жаратылыш аймактарын камтыган 16 маршрут бар, алардын 5и туристтерди кабыл алууну уюштурууга даяр. Облуста негизинен туризмдин түрлөрүн өнүктүрүү келечеги бар. Облустун туристтик потенциалынын негизинде туризмдин активдүү жана укмуштуу окуялуу, дарылоочу-ден соолукту чыңдоочу жана маданий-таанып-билүүчүлүк түрлөрүн өнүктүрүү зарыл.

Туризм тармагындагы негизги көйгөйлөр болуп төмөнкүлөр саналат:

- туристтик маршруттардын жагымдуулугу;
- тарыхый музейлердин жоктугу;
- өндүрүлгөн сувенир продукциясын жана улуттук буюмдарды сатуу рыногунун жоктугу;
- иштеп жаткан бизнести уюштуруу жана кеңейтүү үчүн жеткиликтүү кредиттик ресурстардын жоктугу;
- туристтик автотранспорт каражаттарынын эскириши;
- "Манас-Ордо"этно-комплексин жайылтуу үчүн маданий иш-чаралар жүргүзүлбөйт. [7].

***Адабияттар***

*1. К. Атышев «Кыргызстандын туризм академиясы», окуу китеби. Бишкек 1996 ж. 40-60-61-117-118-бет.*

*2. Дылдаев М.М. , Чотиев Ж.Б. “Экологическая безопасность Кыргызской Республики и тенденция устойчивого развития”, Вестник БГУ №3(26) 2013г. с.322;*

*3. Статистический сборник: Развитие туризма в Кыргызстане за 2013-2017 гг. // Годовая публикация. - Бишкек, 2018-ж., 15, 19-21-бет;*

*4. Программа Правительства Кыргызской Республики по развитию сферы туризма на 2019-2023 годы. - Бишкек, 2018-ж., 8-бет;*

*5. Стратегия устойчивого развития Кыргызской Республики на 2018-2040 годы. / «Таза коом. Жаны доор». Бишкек, 2018.*

*6. Туристическая отрасль в Кыргызстане: тенденции и вызовы. / АУЦА. - №42. - 2017.*

*7. http://cbd.minjust.gov.kg/*